МФТИТ институтунун МИОТжана ББМ кафедрасынын жана Экономика, бизнес жана менеджмент институтунун Ишкананын экономикасы жана башкаруу кафедраларынын кеңейтилген кеңешмесинин

# №1 ПРОТОКОЛУ

**01.04.2025**

**Төрайым:** проф. Келдибекова А.О.

**Катчы:** улук окут. Сооронбаева К.А.

**Катышуучулар:**

Жумушчу топтун мүчөлөрү, кафедранын окутуучу-профессордук курамы (жалпы 22 адам)

**Күн тартиби:**

1. **“Билим берүүдөгү менеджмент” багытынын өз алдынча иштелип чыккан билим берүү стандартын талкуулоо.**

**Угулду:** кафедра башчы, проф. А. Келдибекова “ОшМУда билим берүү стандарттарын иштеп чыгуу, бекитүү жана өзгөртүү жөнүндө жобого” ылайык “Билим берүүдөгү менеджмент” багытынын өз алдынча иштелип чыккан билим берүү стандартын талкуулоо, иштелип чыккан жаңы компетенциялар заманбап талаптарга жооп береби, стандарт ОшМУ тарабынан сунушталган макетке ылайык келеби, бүтүрүүчүлөргө коюлган талаптар кандайча аныкталаган ж.б. параметрлер боюнча талдоону сунуштады. Стандартты презентациялоо үчүн МИОТжана ББМ кафедрасынын улук окутуучусу Э. Авазованы сөзгө чакырды.

Э.Авазова “Билим берүүдөгү менеджмент” багытынын жаңы иштелип чыккан стандартынын иштелип чыгуу процедурасы менен тааныштырды. Анда негизинен 580200 Менеджмент багытынын мамлекеттик билим берүү стандартына (2021) жана Магистратура даражасы үчүн ОшМУда өз алдынча иштелип чыккан билим берүү стандарттарынын макетине таянып

иштелгендигине токтолду. Стандарттын бардык бөлүмдөрү боюнча учурда иштетилип жаткан стандарттагы өзгөчөлүктөрдү көрсөтүп белгиледи. Анда негизинен 11 компетенция иштелип чыккан, жаңы стандартта анын саны кыскарган. Билим берүү формасына коюлган талаптарга кечки түрү кошулган. Билим берүү программасынын бүтүрүүчүлөрүнүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн багыттары, кесиптик ишмердүүлүгүнүн объекттери, кесиптик ишмердүүлүктүн түрлөрү, ага ылайык кесиптик милдеттер аныкталып иштелип чыккан. Окуу процессин кадрлар менен камсыздоонун жалпы талаптары, окуу процессинин окуу-усулдук жана маалыматтык камсыздалышына талаптар, окуу процессинин материалдык-техникалык камсыздалышына талаптар, билимдердин сапатын баалоого талаптар, практикалардын түрлөрүнө жана уюштурулушуна карата талаптар да иштелип чыккан. Жыйынтыктоочу аттестациянын түрлөрү аныкталды жана аны уюштурууга коюлган талаптар да берилген. Өз алдынча иштелип чыккан стандарттын аягында базалык окуу планынын үлгүсү да тиркелген.

Андан кийин Ишкананын экономикасы жана башкаруу кафедрасынын доценти **Э.Саматова** сөзгө чыкты. Доцент Э.Саматова: ушул стандартты иштеп чыгуучу топтун мүчөсү катары дагы бир өзгөчөлүктү айтып кетейин, 580200 Менеджмент багытынын мамлекеттик билим берүү стандартында (2021) көрсөтүлбөгөн бүтүрүүчүлөрүнүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн объекттерине кайсы багыттарды аяктаган бүтүрүүчүлөрдү кабыл алууга болору, алар багыттардын өзгөчөлүгүнө ылайык кандай мөөнөттө окуша тургандыгы да иштелип чыкты. Атайын таблица түзүлүп, бул таблицага багыттардын аталышы, алардын Билим берүү менеджменти магистрдик деңгээлин өздөштүрүү мөөнөттөрү көрсөтүлдү. Эгер бул стандарт бекитилсе, анда Билим берүү менеджменти багытына кабыл алуудагы талаш-тартыш маселелери келип чыкпайт, б.а. ушул стандарттын негизинде көрсөтүлгөн багыттар боюнча абитуриенттерди кабыл алууга болот. Мисалы, юриспруденция багытынын бүтүрүүчүлөрү бул программада 3 жыл окушат, ал эми педагогикалык багыттын бүтүрүүчүлөрү 2 жыл окушат ж.б. Мында

окуу мөөнөтүнө ылайык 2 жылдык, 2,5 жылдык, 3 жылдык окуу пландарын иштеп чыгуу керек болот.

Профессор **А. Келдибекова**: Ушул таблицадагы Педагогика багытынан сырткары да педагогикалык багыттар деп кошууну сунуштайм, педагогикалык багыттарга бир нече багыттар кирет (физика-математикалык билим берүү, филологиялык билим берүү, табигый илимий билим берүү, социалдык-экономикалык билим берүү).

**Жаңы иштелип чыккан стандарт боюнча суроолор жана талкуулар болду.**

МИОТ жана ББМ кафедрасынын доценти, Билим берүү менеджменти багытынын программа жетекчиси **М. Алтыбаева**: 8.1.1. пункттагы окуу процессин кадрлар менен камсыздоонун талаптарында билим берүү программасын ишке ашырган окутуучу-профессордук курам акыркы 3 жылда кеминде 3 макала дегендин ордуна 1 илимий макаласы РИНЦ, Scopus, Web of science, ж.б. журналдарда жарык көрүүсү керек деп көрсөтүлсө деп сунуштайм.

Ишкананын экономикасы жана башкаруу кафедрасынын доценти **Н.Султаналиева**: бүтүрүүчүнүн кесиптик ишмеригинин түрлөрүнө долбоордук ишмердикти алып салсак болобу?

МИОТ жана ББМ кафедрасынын доценти **М. Алтыбаева**: ишмердиктин бул түрү болушу керек. Себеби, билим берүүдө долбоор бул иштелме, программа ж.б. деп түшүнөбүз. Албетте, билим берүү мекемесинин менеджери келечекте пландарды, программаларды иштеп чыгууга, түзүүгө даяр болушу керек.

МИОТ жана ББМ кафедрасынын улук окутуучусу **К. Сооронбаева:** кайсы компетенциялар бүтүрүүчүнүн педагогикалык ишмердигин камсыздайт?

Ишкананын экономикасы жана башкаруу кафедрасынын доценти **Э.Саматова**: ПК-10, ПК-11 компетенциялар бүтүрүүчүнүн педагогикалык

ишмердигин камсыз кылат, бул компетенциялар окутуу технологияларын тандоо, окуу программаларын иштеп чыгууга байланышкан.

Профессор **М. Джоробаева**: магистранттардын илимий публикацияларынын санын жок дегенде 1 деп көрсөтсө туура болобу же 2 деп көрсөтөлүбү?

Профессор **А. Келдибекова**: менимче жок дегенде 1 деп көрсөтүлсө туура болот, 2 публикация жасоо чындыгында магистранттарга кыйынчылык жаратат. Магистрдик диссертация эмес, магистрдик квалификациялык иш деп атасак деген сунуш берем.

Доцент **Э.Саматова**: албетте, 2 публикация жасоо магистранттарга оор болот, мен да ушул сунушту колдойм. 1 макала публикация жасашса, илимий иш чараларда, жумалыктарда бирден баяндамалар окушса жетиштүү го деген ойдомун.

Кеңешменин катышуучулары жогоруда айтылган сунуштар менен макулдугун билдиришти. “Билим берүүдөгү менеджмент” багытынын өз алдынча иштелип чыккан билим берүү стандарты жалпы колго салынып, катышуучулар тарабынан толугу менен жактырылды. Каршы, калыс жок.

Жогорудагыларды угуп жана талкуулап кеңеш **токтом кылат**:

1. “Билим берүүдөгү менеджмент” багытынын өз алдынча иштелип чыккан билим берүү стандарты жактырылсын.
2. Сунуштарды, пикирлерди эске алып, толуктоо менен МФТИТ институтунун Окумуштуулар кеңешине кароого сунушталсын.

Төрайым: проф. Келдибекова А.О.

Катчы: улук окут. Сооронбаева К.А.